

**«Өмүр бизден өтүп кетсе,**
**Эл эмгектен эскерсин»**

*Аалы*

***Сөз кыла турган каарманыбыз Кыргыз ССРинин Эмгек сиңирген артисти Сыдыкбекова Жумаш. Атайын билими болбосо да табигый таланты, талыкпаган чыгармачыл аракети менен кыргыздын профессионалдык театр искусствосунун алгачкы баштоочуларынын катарында болуп, кыргыз театрынын сахнасында татыктуу эмгек өтөп, тарыхый из калтырган бул адамды улам кийинки муундар билип-билбей деле калышты. Ошондон улам көзү өтүп кеткен жакшы адамдар жөнүндө уккан-көргөндөрдү эске ала, эске сала жүрүү тирүүлөрдүн парзы бейм.***

# Алгачкы карлыгач

Сыдыкбекова Жумаш 1922-жылы 20-майда Ат-Башы өрөөнүндөгү азыркы Ак-Жар айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Тоо аймагында Бакал-Булак деген жерде бардар үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келиптир. Атасы Эшкожо уулу Сыдыкбек моңолдор уруусунун ичинен Кабай уулунан тарагандардан экен. Сыдыкбектин эки аялы болуптур. Башкайыңдылык Таттыян деген улуу аялынан Кубакай, Күкүш деген кыздарды, Жамбыл, Кадыр, Кыдырмыш аттуу уулдарды көрүптүр. Эчкибашылык Карыя деген кичи аялынан каарманыбыз Жумаш төрөлүптүр. Жумаш беш-алтыга карап калганда өз энеси өлүп, улуу энеси Таттыяндын тарбиясында болуптур...

Жумаш 1930-жылы Ак-Жар айылында ачылган башталгыч мектептен окуй баштайт. Кичинекейинен тирикарак Жумаштын ыр-бийге шыктуулугу эрте эле байкалат. Ооз комуз каккан аялдардын жанынан чыкпай жүрүп, ооз комузду үйрөнүп алат. Мектепте 5-класста окуп жүргөндө эл арасынан таланттууларды тандап, чогултуп жүргөн өкмөттүн кишилерине кабылып, алардын сынынан өтүп, Нарын шаарына ишке чакырылат. 1937-жылдын ноябрь айында Нарын шаарында жаңыдан ачылган район аралык колхоз-совхоздук театрына Ат-Башынын Ка-

Андабеков, Койсун Карасартова сыяктуу театр искусствосунун өнөр башатындагы алгачкы карлыгачтар менен бирге иштешип, Муратбек Рыскулов атындагы Нарын облустук музыкалык драма театрынын түбүн түптөшүп, пайдубалын тургузушкандардан. Бул театрда 1937-жылдан 1949-жылга чейин эмгектенет. 1949-жылы Тянь-Шань облустук театры жабылып, Ысык-Көл облустук театры менен кошулганда Ж.Сыдыкбекова Ысык-Көл театрына которулат. Ал жакта 1963-жылга чейин иштеп, Кыргыз мамлекеттик

Ал учурда азыркыдай шарт, техника жок, артисттер ат араба менен эл-жер кыдырып, облустун айылкыштактарына оюн коюшчу экен. Ошондон улам республикалык «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» гезиттерине «дөңгөлөк үстүндөгү театр» деген ат менен театрдын ишмердүүлүгү жөнүндө макалалар жарыяланган учурлары болуптур.

Жумаш Сыдыкбекова театр өнөрүндө өтө жаштыгына карабай ар кандай жаштагы кейипкерлердин жандуу образдарын, ал тургай эркектердин да образын ишенимдүү, жеткиликтүү жараткандыгы ошол учурдагы мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланыптыр. Кийинчерээк республикалык гезиттердин бирине берген интервьюсунда Жумаш Сыдыкбекова буларды айтыптыр: «Театр өнөрү бул сахнадагы



ишимдин юбилейи деп, Горькийдин Вассасын мен ойногонума чексиз бактылуумун деп эсептеймин (Күндүзгү саат 1)». Ушул жазганынан эле каарманыбыздын чыгармачылык ишине канчалык деңгээлде берилгендигин түшүнсө болот.

Ал киши бир катар кыргыз кинолоруна да тартылыптыр. К.Жантөшевдин «Тянь-Шань кызында» башкарманын орун басары Айшанын, «Ак илбирстин тукумунда» Кулдун энесинин, «Мен Тянь-Шандагы» Аселдин энесинин, «Биринчи мугалимде» дөңдөгү өрттөлгөн

мектептен Лениндин портретин көтөрүп чыгам деп көз жумган Субандын кошок кошкон энесинин, «Самая послушная» фильминде Караматтын, «Түштүк кызында» эненин образын өтө ынтызарлык менен жогорку чеберчиликте жаратткан. Мындан башка кыргыздын бардык көркөм кино тасмаларында эпизоддук каармандарды ойногон экен.

Эми бир баса белгилей турган жагдай, кыргыздын «Лифттүү үйдүн тепкичинде» деген кыска метраждуу кино тасма көпчүлүк көрөрмандардын эсинде болсо керек. Бул кинонун негизги мазмуну бири-бирине абысын эки байбиче шаардагы уулунукуна барышып, көп кабаттуу үйдүн лифтисине түшкөндөн коркушуп, көтөргөн жүгү оордугунан тепкичтеги окуялары (кино кыргыз

ра-Суусунан Койсун Карасартова

тана кандандыр бир турмуштук



(кийин Кыргыз ССРинин эл артисти) экөө бир күнү артисттикке кабыл алынат. 1937-жылы 5-октябрда Кыргыз ССРинин Эл комиссарлар Кеңешинин чечими менен ачылган Нарын район аралык колхоз-совхоздук театрына таланттуу адамдар жетишпей турган кез экен. Театрга кирип иштеген күндөн элет жеринде өсүп, 5-класс билим алып, он алтыга жаңы караган Жумаштын жан дүйнөсүндө чоң өзгөрүүлөр болот. Театр, роль деген эмне? Дегеле чыгармачылык туурасында түшүнүгү кеңейип, чыгармачыл өнөрпоздордун чөйрөсүндө иштөөгө зор ынтаазы менен аралашат. Театр өнөрүнө жаштык жигерин, чыгармачыл изденүүчүлүк дараметин жумшап, талыкпаган эмгеги менен театрдын жетекчилигинин, эмгек жамаатынын ишеничине кирип, сый-урматка эгедер боло баштайт.

кагылыштардын үзүндүсү эмес, ал турмуштан алынып, кайрадан адамдардын аң-сезимине таасир берүүчү улуу күч экенин андадым. Театр аркылуу өзүм да турмуштун ар кыл жагдайларына баа берүүнү үйрөндүм. Балким ошондон чыгаар, 1939-жылы Ж.Бөкөнбаевдин «Токтогул» драмасын коюп калдык. Мен өтө жаштыгыма (ал кезде 18 жашта элем) карабастан, 70 жаштагы Бурманын ролун аткардым. Ушул образды түзүүдө бир эпизодду эскере кетейин. Жаш кыз карыган кемпирдин ролун аткарыш кыйын, анын үстүнө кемпирге мүнөздүү жүрүм-турумду, отуруп-туруу, таяк кармоо, эки жакты серепчилеп кароо, үн ыргактары канчалык келишкенин билбейм, балким, көбү окшошпой калгандыр. Бирок, «Алматайдын образы» эпизодунда небересинин мүрзөсүнүн жанында сөздү аптыгып айта албай, көздүн жашын көл кылып, ыйлап турган учурумду эстесем, кантип образга кирип, кантип дит багып сахнага чыгаргандыгымды билбейм. Бул спектаклди Койчуманов Махмуд койгон» - дейт.

Ж.Сыдыкбекованын машинкага басылган «Өмүр баяны» саргайган кагазда сакталуу. Анда «Кара туман» аттуу пьесада Камбар аттуу эркек каармандын ролун аткаргандыгы жазылган. Мухтаровдун «Алландын үй-бүлөсү», К.Симоновдун «Рактар», Т.Абдымомуновдун «Эч кимге айтпа» деген пьесаларында өзү да роль ойноп, бул пьесаларды сахнага иштеп чыгып, режиссерлук кылган экен. «Өмүр баянында дагы бир болгон ишти мындайча баяндайт: «1945-46-жылдары Нарында «Курманбекти» кайра иштеп чыгуу маселеси турду. Ошондо Курманбектин пьесасы жоголуп таппай, Алиман Жангорозова экөөбүз бир жарым суткада бүт пьесаны эстеп, ал түгүл ремаркасынан өйдө жазып чыкканбыз».

Ж.Сыдыкбекова он алты жашында театрдын босогосун аттаган күндөн театр турмушуна биротоло берилип иштейт. Өзү «Өмүр баянына» жазгандай М.Токобаевдин «Кайгылуу Какейде» Какейдин, К.Эшмамбетовдун «Эгиз баласында» Канышайдын, К.Маликовдун «Жаңыл Мырзасында» Жаңылдын, К.Жантөшовдун «Курманбегинде» Айганыштын ж.б. пьесаларда башкы ролдорду ойноит. 1939-жылы Нарын район аралык колхоз-совхоздук театрынын базасында Тянь-Шань облустук драма театры ачылат. Каарманыбыз ошол жылдары Сайрагүл Балкыбекова, Алиман Жангорозова, Ашыралы Боталиев, Абдылашым Көбөгөнов, Асек Жумабаев, Махмуд Койчуманов, Дооронбек Койчуманов, Сейитказы Эмгек Кызыл Туу ордендүү академиялык драма театрына келип, өмүрүнүн акырына чейин эмгектенген.

1939-жылы кыргыз адабиятынын жана искусствосунун Москвада болгон декадасына катышып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланат. Кыргызстандын 20 жана 25 жылдык маарекелеринде Кыргыз Өкмөтүнүн Ардак грамоталарына татыктуу болот. Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынат. Театрдын коомдук иштерине активдүү катышат. Жергиликтүү профсоюздук уюмду жетектейт.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында кыргыз искусство чеберлери менен кан күйгөн майдандын көптөгөн жерлеринде болуп, советтик жоокерлердин демине-дем, күчүнө-күч кошкон чыгармаларын арнаган. Жергебиздин көптөгөн шаарларынын, айыл-кыштактарынын кайратман эмгекчилерине өз өнөрүн тартуулап, калкты маданий жактан тейлөөгө олуттуу салым кошкон.

Борбор калаадагы театр, кино искусствосунун алп таланттары Муратбек Рыскулов, Сабира Күмүшалиева, Жамал Сейдакматова, Сатыбалды Далбаев, Мира Далбаева, Бакен Кыдыкеева, Насыр Кытаев, Сыдыкбек Жаманов, Гүлсара Ажыбекова, Таттыбүбү Турсунбаева ж.б. менен ийиндешип, чоң чыгармачылык эргүү менен иштешиптир.

Жумаш Сыдыкбекова күндөлүк да жазып жүргөн экен. Ошол күндөлүгүнө 1968-жылы 4-апрелде төмөндөгүдөй жазгандарын окуйлу. «... Ошентип 4-апрель күнү Вассаны тобокел деп ойногону олтурам. Мен 1937-жылдан 1968-жылдын ушул айына чейин 150дөн ашык ар түрдүү роль ойноп, бирок ушундай жооптуу, татаал ролду майын чыгара иштебегениме өкүнсөм да, 30 жылдык

тилинде) менен эсте калаарлык образ жаратышкандар - Сабира Күмүшалиева менен Жумаш Сыдыкбековалар эмеспи.

Каарманыбыз көп кырдуу талантка эгедер болуптур. Күйөөсү Сулайман Мээрханов (бул киши да таланттуу артист экен) экөө бири комузда, экинчиси ооз комузда кыргыздын «Насыйкат», «Көк торпок», «Тоо кызы», «Кош кайрык» деген күүлөрүн аткарышып, теледен далай жолу көрсөтүлүптүр. Эл алдындагы эмгеги өз убагында бааланып, Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти наамы берилиптир. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен эки жолу, медалдар менен сыйланыптыр.

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти Сыдыкбекова Жумаш кыргыз драматургдарынан тартып дүйнөлүк классиктердин чыгармаларынын ар кандай жанрында ар кыл мүнөздөгү образдарды жаратып, нукура таланты, жан дүйнөсүнүн сезимталдыгы, кендиги менен ролдорду жеткире аткара билген сахнанын нукура устаты болгон.

Ж.Сыдыкбекова узакка созулган оорусунан (сахарный диабет) жеңүгө албай 1987-жылы июль айында 65 жаш курагында бул жарык дүйнө менен кош айтышат. Сөөгү Бишкек шаарынын Чоң-Арык көрүстөнүнө коюлган. Нукура таланты менен кыргыздын театр өнөрүнүн өнүп-өсүшүнө опол-тоодой салымын кошкон Сыдыкбекова Жумаш тирүү болгондо үстүбүздөгү жылы май айында 95 жашка толмок. Билбегендер биле жүрүшсүн деген максат менен кыргыздын анын ичинде Ат-Башынын таланттуу кызынын жаркын элесине арналып ушул чакан макала жазылды.

**Тынчтык СУЛТАНОВ,**
**Ат-Башы району**